КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК - КӨЛ ОБЛУСУ
ТҮП РАЙОНУ
КАРКЫРА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК - КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТЮПСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА
КАРКЫРА

Каркыра айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын кезексиз сессиясы

**ТОКТОМ**

**2025-жылдын 13-октябры № 71 Талды-Суу айылы.**

**Каркыра айыл аймагында абаттоо эрежелерин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 6-сентябрындагы № 305 "Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025-жылдардын мезгилинде турмуш-тиричилик калдыктары менен иштөөдө натыйжалуу инфраструктураны күтүү боюнча иш-аракеттер планы жөнүндө" Жарлыгын аткаруу максатында жана Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 27 жана 34-беренелерине ылайык Каркыра айыл аймагынын аймагында абаттоо, жолдорду күтүү, жашылдандыруу (бак-дарактарды отургузуу ж.б) чөйрөсүндөгү ченемдерди жана талаптарды белгилөө максатында Каркыра айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Каркыра айыл аймагын абаттоо эрежелери тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик рестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине белгиленген тартипте жөнөтүлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы муниципалдык ишкананын жетекчиси Н.М.Жидебаевге жүктөлсүн.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер жана муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясына жана Каркыра айыл аймагынын башчысы Р.Т.Черикбаевге жүктөлсүн.

**Төрага Аблдылда у.Т.**